**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**ИЧКИ ИШТЕР**
**МИНИСТРЛИГИ**

**ТЕРГӨӨ КЫЗМАТЫ**

720011, Бишкек ш., Фрунзе көчөсү, 469
Тел.: +996 (312) 26-62-52
Факс: +996 (312) 26-60-69
e-mail: secretariat@mvd.kg

**МИНИСТЕРСТВО**
**ВНУТРЕННИХ ДЕЛ**
**КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

**СЛЕДСТВЕННАЯ СЛУЖБА**

720011, г. Бишкек, ул. Фрунзе көчөсү, 469
Тел.: +996 (312) 26-62-52
Факс: +996 (312) 26-60-69
e-mail: secretariat@mvd.kg

З/№ 7581 «07» 12 2021г.

**Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы**

Кыргыз Республикасынын ИИМдин Тергөө кызматы тарабынан, №34 Жети-Өгүз бир мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенешинин депутаттыгына талапкер С.Ибраевдин арызы каралып чыгып, төмөнкүлөр аныкталды.

2021-жылдын 2-декабрында С.Ибраев, Жети-Өгүз райондук РИИБне арыз менен кайрылып анда, Ысык-Көл областынын Тоң жана Жети-Өгүз райондорунда 2021-жылдын ноябрь айында өткөн шайлоодо, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына №34 Жети-Өгүз бир мандаттуу шайлоо округу боюнча талапкер Исмаилов Мурат тарабынан Жети-Өгүз районунун Саруу, Кызыл-Суу, Тамга, Барскоон жана башка айылдарда добушту 1000 сомдон жана андан жогору акча каражаттарына сатып алуу, ошондой жашоочуларга азык-түлүк таратып берип, калктан добушту сатып алуу фактылары болгондугун, М.Исмаилов Кыргыз Республикасынын шайлоо жөнүндөгү мыйзамын одоно бузуп, Тамга айылынан спорттук иш-чара уюштуруп, “Тосор коому” коомдук фонддун колдонуп үгүттөө иштерин уюштурган, №3202 участкалык шайлоо комиссиясындагы туугандарын колдонуп, Тосор жана Пристань айылындагы ишенимдүү адамдарын, үгүттөөчүлөрүн жана шайлоо болуп жаткан күнү Тосор айылындагы №3202 шайлоо участкасында тарапташтарын коркуткандыгын билдирип, ал боюнча мыйзам чегинде чара көрүп берүүнү суранган.

2021-жылдын 2-декабрында С.Ибраевдин арызы Жети-Өгүз РИИБнин МЭЖне №02-014-2021-001716 саны менен катталып, тергөө маалында №34 бир мандаттуу шайлоо округунун №3202 шайлоо участогунун шайлоо комиссиясынын төрайымы Б.Исраилова жана С.Ибраевге шайлоо күнү үгүттөөчү болуп иштеген А.Акунов өздөрүнүн көрсөтмөсүндө, 2021-жылдын 28-ноябрында шайлоо участогунда абал тынч болуп, М.Исмаилов тарабынан эч кандай добуш сатып алуу максатында, акча каражаттары жана азык-түлүктөр таратылбагандыгын, талапкер С.Ибраевдин байкоочуларына эч ким кысым көрсөтпөгөндүгүн билдиришкен. Ал эми “Тосор коому” коомдук бирикмесинин кызматкерлери көрсөтмөлөрү боюнча, шайлоо күнү коомдук

бирикме тарабынан эч кандай спорттук кайрымдуулук иш-чаралар өткөрүлбөгөндүгүн аныкталган. Жогорку Кенешке талапкер М.Исмаилов өзүнүн көрсөтмөсүндө “Тосор коому” коомдук бирикмесин үгүттөө иштерине колдонбогондугун, С.Ибраев арызында көрсөткөн дооматтарын милиция кызматкерлеринен уккандыгын билдирген.

2021-жылдын 3-декабрында тергөөнүн жыйынтыгы менен Жети-Өгүз РИИБнин Тергөө кызматы тарабынан, Кыргыз Республикасынын ЖПКнын 27-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2-пункту менен кылмыш ишин козгоодон баш тартуу чечими кабыл алынган КИКБТ-№ 02-014-2021-001716-01-001-000002.

**КР ИИМдин ТКнын начальнигинин**
**орун басары** **Н.Эшимкан уулу**

С.А. Аманбаев, тел:266146